Кыз-күйөөгө бергендей.
Кызыл-ала кыламбы
Кырдан кырк теке аткан мергендей?!
Айлы бирге акыр,- деп,-
Анда бар кыйла акыл- деп,-
Айтууга кепке маакул- деп,-
Акбалта бийди чакыр!- деп.-
Ак түлөөгө жараткан
Камбарбоздун үйрүнөн
Кармап келгин бир бээ.
Тогуз кары бээ болсун,
Токсон кары кой болсун,
Ушунун баарын сойгон соң
Толуп жаткан той болсун.
Ак баш инген төө болсун,
Аты жоктор жөө болсун,
Сыйырдан жетөө союлсун
Ач-арыктар тоюнсун…(СО, 116-бет).

Жогорудагы иллюстративдик материалдар кыргыз тилинде сан концептин өзүнчө бөлүп кароого негиз болот. Себеби сан дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн, менталдык лексикондун, мифологиялык поэзиянын, фольклордун, ырым-жырдын негизги мазмундук бирдиги болуп саналат.

**Пайдаланылган адабияттар**:


1. Попова З. Д., Стернин И. А. Когнитивная лингвистика [Текст] / З.Д. Попова, И. А. Стернин. -М.: АСТ: Восток-Запад, 2007. -314 с.
2. Хроленко А.Т. «… И жар холодных числ…» [Текст] / А.Т. Хроленко // Русская речь. 1975. – №4. – С. 79-81.
3. Кирло Х. Словарь символов [Текст] / Х.Кирло. -М.: ЗАО Центрполиграф, 2007. -526 с.
4. Ковшова М. Л. Символ в семантике фразеологизмов опыт исследования [Текст] / М.Л.Ковшова // Вопросы филологии. -М., 2008. № 2. -С. 19-29.
5. Сагымбай Орозбак уулу. Манас [Текст]. II китеп. Ф.: Кыргызстан, 1980. -449 б.



УДК:811.512.1(575.2)(043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-25-30



**Атикол Бурхан Умур**
И. Арабаев атыдагы КМУ, аспирант
**Атикол Бурхан Умур**
КГУ им. И.Арабаева, аспирант
**Atikol Burhan Umur**
KSU I. Arabaev, Postgraduate student


## САНДАРДЫН СИМВОЛ КАТАРЫ ИЗИЛДЕНИШИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ
## НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ИЗУЧЕНИЯ ЧИСЕЛ КАК СИМВОЛОВ

# SOME PROBLEMS OF STUDYING NUMBERS AS SYMBOLS

**Аннотация:** Ар бир маданиятта дүйнөнүн улуттук сүрөтү универсалдык түшүнүктөрдөн турат. Мындай универсалдык түшүнүктөрдүн бири – сан. Сан философиялык категория катары логикалык, улуттук-маданий жана мифологиялык өзгөчөлүктөргө ээ. Ошол себептен, сан философиялык категория катары алгач философтор тарабынан изилденген. Ал эми тилчи-окумуштуулар сандардын сакралдык маанилерин көңүл чордонуна алуу менен, алардын мифологиядагы жана элдик оозеки чыгармачылыктагы ролун улуттун менталитети, дүйнөтаанымы менен байланыштa иликтөөгө алышкан. Азыркы тил илиминдеги этнолингвистикалык жана лингвокультурологиялык багыттагы эмгектерде сандык символиканы дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн фрагменти, тил менен маданияттын тыгыз карым-катышынын жыйынтыгы катары каралышы болуп саналат. Бул эмгектерде сандар фразеология, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, этномаданий лексиканын алкагында изилденген. Демек, түркологияда сандык символика дагы изилдөөнү талап кылган маселелердин бири.

**Аннотация:** Национальная картина мира в каждой культуре состоит из универсальных понятий, одним из которых является число. Число как философская категория имеет свои логические, национально-культурные, мифологические особенности. Поэтому, число как философская категория впервые была исследована философами. Также, число исследуют лингвисты в связи с менталитетом, мировоззрением, представлениями народа, акцентируя внимание на сакральных значениях чисел, их роли в мифологии и народного устного творчества. Значимым достижением современной лингвистики являются работы этнолингвистического, лингвокультурологического характера, в которых число рассматривается как фрагмент языковой картины мира, как результат тесной взаимосвязи языка и культуры. В этих работах числа рассматриваются в связи с изучением фразеологии, языковой картины мира, этнокультурной лексики. Таким образом, числовая символика в тюркологии требует дальнейшего исследования.

**Annotation**: The national picture of the world in every culture consists of universal concepts, one of which is the number. Number as a philosophical category has its own logical, national-cultural, mythological features. Therefore, the number as a philosophical category was first investigated by philosophers. Also, the number is studied by linguists in connection with the mentality, worldview, ideas of the people, focusing on the sacred meanings of numbers, their role in mythology and folk oral art. A significant achievement of modern linguistics is the work of an ethnolinguistic, linguoculturological nature, in which the number is considered as a fragment of the linguistic picture of the world, as a result of the close relationship between language and culture. In these works, numbers are considered in connection with the study of phraseology, the linguistic picture of the world, and ethnocultural vocabulary. Thus, numerical symbolism in Turkic linguistics requires further research.

**Негизги сөздөр:** сан түшүнүгү, дүйнөнүн улуттук сүрөтү, сандык символика, сакралдык сандар, этномаданият, улуттук дүйнөтааным.

**Ключевые слова:** понятие число, национальная картина мира, числовая символика, сакральные числа, этнокультура, национальное мировоззрение.

**Key words**: the concept of number, national picture of the world, numerical symbolism, sacred numbers, ethnoculture, national worldview.

Сан түшүнүгү - адамзаттын ой жүгүртүүсүндө түшүнүк системасынын маанилүү элементтеринин бири. Ал байыркы мезгилде адамдын саноо, өлчөө жана эсептөө

муктаждыктарынан пайда болгон. Буюмдардын санын эсептөөдөн натуралдык сан түшүнүгү келип чыгып, ал сандар буюмдардын аты менен чогуу айтылган. Сандарды белгилөө үчүн ар кандай эсептөө системасы колдонулган жана сан цифра түрүндө жазылган. Айрым сандар жөн гана цифра эмес, символикалык мааниге да ээ болгон. Мындай сандар өзгөчө энергетикага ээ болуп жана кандайдыр бир сырдуу нерсени өзүнө катып турат. Ошол себептен, сан түшүнүгү тарых, психология, фольклор сыяктуу илим тармактарында изилденип келди.

Сан жана сандык символика түшүнүктөрү жалпысынан сан категориясы менен тыгыз байланышта каралат. Сандык символиканын калыптанышы байыркы грек философу жана математиги Пифагордун ысымы менен байланышта каралып келет. Пифагор сан түшүнүгүн арифметикалык гана эмес, философиялык, магиялык жактан изилдеп келип, «дүйнөнү сандар башкарат», - деген тыянакка келген. Ал эми Пифагордун окуучулары сандардан кубулуштардын жана табияттагы белгилердин жашыруун сырларын көрүшкөн. Алар сандардын мистикалык табиятына ишенишип, ар бир нерсенин артында сан турат, сандар жакшылык менен жамандыкты, бакыт менен бактысыздыкты алып келет деп эсептешкен [1, 43]. Ошентип, Пифагордун окуусунан кийин, сандар «жакшы» жана «жаман» сандар болуп бөлүнө баштаган.

Адамзат коомунун өнүгүшүнүн кийинки доорлорунда да сандарга символикалык маани ыйгаруу өнүгө баштаганына күбө болобуз. Байыркы грек ойчулдарынын түшүнүгүндө сандар белгилүү бир касиеттерге жана мүнөздөмөлөргө ээ болгон. Мисалы, байыркы грек философу Платон сандын келип чыгышы жөнүндөгү маселени изилдеп жатып, мынтип жазат: «Күндүн түнгө, айлардын жылдарга алмашышы, күн менен түндүн теңелиши биз көрүп турган демейки кубулуштар болгондуктан, биздин көзүбүздү сандар ачты, алар убакыттын өтмүштүгү тууралуу түшүнүктү калыптандырып, жети кабат ааламды изилдөөгө түрткү берди» [2, 487].

Немец философиясынын өкүлдөрү К.Маркс жана Ф.Энгельстин теориясына таянсак, «сан түшүнүгү жана фигуралар бизди курчап турган айлана-чөйрөдөн алынган. Адамдар эсептегенди он манжа аркылуу үйрөнгөн, башкача айтканда, биринчи арифметикалык амалдарды манжаларында аткарышкан. Бул жөн гана акыл чыгармачылыгынын жемиши эмес» [3, 37].

Сандык символикага арналган эмгектердин ичинде маданияттаануучу В.Н. Топоровдун архаикалык маданияттагы сандар боюнча изилдөөсү өзгөчө орунда турат. В.Н.Топоров сандар сапаттык-сандык баалоого, дүйнө сүрөтүнө жана мета-сүрөттөө тутумуна багытталган мифологиялык-поэтикалык салттагы эң белгилүү белгилердин бири деп эсептейт [4, 629].

Лингвомаданият таануу багытындагы изилдөөлөрдө тилдеги сан компоненттүү фразеологиялык, паремиологиялык катмардын маселелери катары изилденип келди. Сан тилдин жана маданияттын бирдиги катары Р. Т. Муратованын «Символика чисел в языке и культуре башкир» [5, 180], Н. П. Черневанын «Семантика и символика числа в национальной картине мира: на материале русской и болгарской идиоматики» [6, 270], А. А. Осипованын «Семантика и символика лексем со значением числа в русской, английской и французской языковых картинах мира: опыт сопоставительного исследования» [7, 22] өңдүү монографиялык изилдөөлөрүндө каралды.

Р. Т. Муратованын «Символика чисел в языке и культуре башкир» аттуу монографиясында башкыр тилинде, фольклорунда жана мифологиясында сакралдык сандардын колдонулуш өзгөчөлүгү изилденген. Автор сандардын этномаданий символикасын изилдөөдө башкыр фольклорунун материалдарын иллюстрация катары кенен колдонуп,

сандык символиканын фразеологиялык бирдиктерде жана ономастикада чагылышы, элдик оозеки чыгармачылыктагы көркөмдүк-сүрөттөөчү функциясын терең изилдөөгө алган [5, 180].

А. А. Осипованын кандидаттык диссертациясында сан маанисин туюнткан лексемалардын семантикалык структурасы типологиялык өңүттөн иликтөөгө алынган. Ал орус, англис жана француз тилдериндеги сандардын символикалык маанилеринин калыптанышына мифологиялык-поэтикалык салттардын тийгизген таасирин изилдеп жатып, бир эле сандын маанисин туюнткан лексемалардын семантикалык структурасы бири-бирине дал келберин белгилеп, символикалык маанилердин келип чыгышы көпчүлүк учурда буга чейинки мифологиялык-поэтикалык система аркылуу түшүндүрүлөрү жана үч тилдеги сандардын окшош символикалык маанилеринин жаралышы эреже катары христиан салтынан же антика доорунан башат алат деген жыйынтыкка келген [7, 22]

Сандык символика З. Ж. Кудаеванын изилдөөсүндө мифологиялык поэтикалык салттын курамдык бөлүгү катары иликтенген. Анын изилдөөсүндө 1, 2, 3, 7, 9, 12 сандарынын символикалык маанилери жана аларга мүнөздүү параметрлер талдоого алынган. Ошондой эле адыгейлердин мифологиялык жана поэтикалык салтында белгилүү сандык белгилер этномаданий макрокосмостун негизги параметрлерин уюштуруучу каражат экендиги далилденген [8, 105]. М. А. Кумахов эпикалык салттагы сандык символиканы изилдөөгө кайрылган. Анын изилдөөсүндө фольклордук чыгармалардагы «жети» санына өзгөчө маани берилип, байыркы маданий салттар менен типологиялык параллелдер көрсөтүлгөн. Окумуштуу адыгейлердин мифологиялык салтындагы «жети» санынын символикасы жети күндүк календардык бирдик менен байланыштуу деп эсептейт [9, 187].

Тил илиминин өнүгүүсүнүн азыркы этабында туруктуу айкаштарын, айрыкча, тилдин фразеологиялык курамын маданияттын контекстинде изилдөөгө өзгөчө маани бериле баштады. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн курамдык бөлүгү болгон тил бирдиктеринин ичинен туруктуу айкаштар элдин маданий жана тарыхый тажрыйбасын көбүрөөк өзүнө сиңирет. Сандар кыргыз тилиндеги фразеологиялык бирдиктердин курамдык бөлүгү катары өтө жыш учурайт. Сан компоненттүү фразеологиялык бирдиктерге А. Е. Супрун кайрылган. Анын пикиринде, сан компоненттүү фразеологизмдердин бир катарына сан атоочторго мүнөздүү белгилер мүнөздүү болсо, айрым туруктуу бирдиктер ой жүгүртүүбүздүн арифметикасын чагылдырат [10, 81].

Казак тил илиминде сандардын символ катары изилдениши атайын монографиялык изилдөөнүн объектиси катары алына элек. Бирок буга карабастан, Ж.Жауыншиева менен Г.Жандыкееванын жана Н.Кайрлиеванын илимий макаланын чегинде жүргүзүлгөн изилдөөлөрүн көрсөтүүгө болот. Ж.Жауыншиева менен Г.Жандыкееванын «Символика числа «семь» в межкультурной коммуникации» аттуу макаласында көпчүлүк элдердин маданиятында жана дүйнөтаанымында сакралдык мааниге ээ болгон «жети» санынын символикасы жана семантикасы сыпатталып, өзгөчө казактардын улуттук дүйнөтаанымындагы «жети» санынын сакралдык маанилери, ал маанилердин диний ишенимдер, элдик философия менен байланышы изилденген [11, 531-537].

Н.Кайрлиеванын «Сакральные числа в казахском языке и культуре: лингвокультурологический аспект описания» деген чакан иликтөөсүндө түрк анын ичинде казак тилиндеги сандардын келип чыгышы жана алардын сакралдык маанилери каралган. Автор казак тилиндеги сакралдык лексикадагы сандардын өзгөчө ордун белгилеп, магиялык жана эзотериялык символикасын паремиялардын материалында изилдөөгө аракеттенген [12, 69-79].

Байыркы мезгилден бери сан акыл-эс ишмердүүлүгүнүн, мифологиялык дүйнө түзүлүштүн эң маанилүү компоненти катары адам ишмердүүлүгүнүн дээрлик бардык чөйрөлөрүн колдонулган. Тилчилердин, философтордун жана маданияттаануучулардын изилдөөлөрүн жалпылоонун негизинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот:

- тил илиминин заманбап өнүгүү баскычында санды грамматиканын категориясы катары гана эмес, маданияттын жана менталитеттин эң маанилүү компоненти катары кароого болот;
- сандар дүйнө түзүлүшүн, мейкиндик-убакыттык мамилелерди түшүнүүдө чоң мааниге ээ. Байыркы дүйнө таанымдын негизинде түзүлгөн сандардын сакралдык семантикасы туруктуу сөз айкаштарында, тилдин лексикалык бирдиктеринде сакталып, фольклордук жана көркөм чыгармаларда кеңири колдонулат;
- сан түшүнүгүнүн келип чыгышы сан категориясынын пайда болушу менен тыгыз байланышта;
- архаикалык каада-салттардагы сандар сакралдуу, сыйкырдуу мааниге ээ болгон жагдайларда колдонулган;
- «сан» түшүнүгү менен «сан атооч (цифра)» түшүнүгүн айырмалоо керек.

Ошентип, сандык символика байыркы доорлордо пайда болуп, адам ишмердүүлүгүн чөйрөсүнүн өнүгүшүнө байланыштуу өзгөрүп отурган. Тил илиминин өнүгүшүнүн азыркы этабына санды грамматикалык категория катары гана эмес, биринчи кезекте лингвомаданият таануунун маанилүү категориясы катары изилдөө менен мүнөздүү.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Нумерология от А до Я [Текст] / Отв. ред. Н.Иванов. -М.: Эксмо, 2009. -512 с.
2. Платон. Сочинения [Текст] / В 3-х томах / пер. с древнегреческого под общей редакцией А.Ф. Лосева, В.Ф. Асмуса. -М.: Мысль, 1971. Т. 3. Ч. 1. -687 с.
3. Маркс К., Энгельс Ф. Сочинения [Текст] / К. Маркс, Ф.Энгельс. Издание второе. -М.: Государственное издательство политической литературы, 1961. Т. 20. -828 с.
4. Топоров В.Н. Мировое дерево. Универсальные знаковые комплексы [Текст] / В. Н. Топоров. -М.: Рукописные памятники Древней Руси, 2010. Т. 2. -496 с.
5. Муратова Р.Т. Символика чисел в языке и культуре башкир [Текст] / Р.Т. Муратова. -Уфа, 2012. -180 с.
6. Чернева Н.П. Семантика и символика числа в национальной картине мира (на материале русской и болгарской идиоматики): дисс. канд. фил. наук [Текст] / Н. П. Чернева. -М., 2003. -270 с.
7. Осипова А.А. Семантика и символика лексем со значением числа в русской, английской и французской языковых картинах мира (опыт сопоставительного исследования): автореф. канд. дисс. [Текст] / А. А. Осипова. -М., 2008. -22 с.
8. Кудаева З. Ж. Мифопоэтическая модель адыгской словесной культуры [Текст] / З.Ж. Кудаева. -Нальчик: Эльбрус, 2008. -294 с.
9. Кумахов М.А. Символика числа, цвета и латеральности в эпической традиции (на материале нартского эпоса) [Текст] / М. А. Кумахов // Вестник Института гуманитарных исследований Правительства КБР и КБНЦ РАН. -Нальчик, 2001. Вып. 8. -С. 186-205.
10. Супрун А. Е. О фразеологических единицах с числительными [Текст] / А. Е. Супрун // Вопросы фразеологии. Ташкент, 1965. - С. 75-85.

11. Жауыншиева Ж., Жандыкеева Г. Символика числа «семь» в межкультурной коммуникации [Текст] / Ж. Жауыншиева, Г. Жандыкеева // Русский язык и культура в зеркале перевода: Материалы конференции. -М.: Изд. МГУ, 2020. -711 с.
12. Кайрлиева Н. Сакральные числа в казахском языке и культуре: лингвокультурологический аспект описания [Текст] / Н. Кайрлиева // Национальные образы мира в зеркале русского языка: Сб. статьей. -М.: РУДН, 2021. -212 с.

УДК:809.434 (575.2)(043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-30-35

**Каратаева Сонайым Кубатбековна**
И.Арабаев атындагы КМУ, Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы, филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Каратаева Сонайым Кубатбековна**
КГУ им. И.Арабаева, кафедра кыргызского языка и ее технология обучения, кандидат филологических наук, доцент
**Karataeva Sonaiym Kubatbekovna**
KSU I. Arabaev, Department of "Kyrgyz Language and its Teaching Technology" Candidate of Philological Sciences, Associate Professor

# ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕ БАЙЫРКЫ СОЗУЛМАЛАРДЫН ДИФТОНГДОШУУСУ
# ДИФТОНГИЗАЦИЯ ПЕРВИЧНЫХ ДОЛГИХ ГЛАСНЫХ В ТЮРКСКИХ ЯЗЫКАХ
# DIPHTHONGIZATION OF PRIMARY LONG VOWELS IN THE TURKIC LANGUAGES

**Аннотация:** Бул макалада түрк тилдериндеги анын ичинде кыргыз тилиндеги байыркы дифтонгдор жана байыркы созулмалардын дифтонгдошуу процесси изилденген. Байыркы созулмалардын дифтонгдошуусун түрк тилдеринин калыптаныш тарыхынан байкоого болот. Байыркы созулма үндүүлөрдүн дифтонгдошуусунда түрк тилдеринде күчтүк басым негизги ролду ойногон. Мындай созулуп айтылуунун натыйжасынан келип чыккан дифтонгдошууга өзгөчө кууш үндүүлөр дуушар болгон. Бирок белгилеп кетүүчү нерсе, дифтонгдошуу бардык түрк тилдеринде универсалдуу мүнөзгө ээ болгон эмес. Азыркы түрк тилдеринин ичинен түркмөн тилинин диалектилеринде, халадж тилинде байыркы созулмалардын дифтонгго өткөн формаларын кезиктирүүгө болот. Мындай дифтонгдор аркылуу тигил же бул түрк тилинде байыркы созулмалардын болгондугун далилдөөгө болот.

**Аннотация:** Данная статья посвящена изучению процесса дифтонгизации древних долгих гласных и древних дифтонгов в тюркских языках, в том числе и в кыргызском. Дифтонгизацию первичных долгих гласных можно наблюдать в истории формирования тюркских языках и этот фонетический процесс был вызван силовым ударением. В процесс дифтонгизации подвергаются в основном узкие гласные. Но надо отметить, что дифтонгизация не носила универсальный характер в тюркских языках. Из современных тюркских языков в диалектах туркменского языка, халаджском языке встречаются формы долгих гласных переходящих в дифтонги. Посредством таких примеров можно реконструировать первичные долгие гласные в современных тюркских языках.